**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Д 13.13.008 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын изденүүчү Кырбашова Майрамкүл Турганбековнанын «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча**

## ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН БҮТҮМҮ

**Эксперттик комиссиянын курамы:** төрага: педагогика илимдеринин доктору, профессор Бабаев Д.Б., комиссиянын мүчөлөрү: педагогика илимдеринин доктору, профессор Каниметов Ж.К., педагогика илимдеринин доктору, профессор Чоров М.Ж..

М.Т.Кырбашованын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча **«Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу»** аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгып, **төмөнкүдөй бүтүмгө келди:**

**1. Диссертациянын мазмунунун адистикке дал келиши жана диссертациялык кеңеште коргоого укуктуулугу.** М.Т. Кырбашованын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациясынын негизги мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча диссертациялык кеңешке берилген коргоо укугу боюнча адистикке туура келет.

**Диссертациянын максаты:** стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аларды педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү. Диссертацияда жогорудагы максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттерди** чечүү каралган: таанып-билүүчүлүк өз алдынчалык жөнүндөгү педагогикалык теориядагы жана практикадагы көз караштарды системалаштыруу; стандарттык эмес сабактын маңызын жана типологиясын иштеп чыгуу жана алардын педагогикалык шарттарын аныктоо; стандарттык эмес сабак аркылуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалуулугун калыптандыруу процессинин теориялык моделин иштеп чыгуу жана аны практикада текшерүү; эксперименттик-тажрыйбалык изилдөө аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалуулугунун калыптанышына стандарттык эмес сабактардын тийгизген таасирин далилдөө (биология предметинин мисалында).

**Изилдөөнүн объектиси:** биология сабагында жогорку класстардын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** стандарттык эмес сабактар жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруунун каражаты катары.

Бул объект жана предмет 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык келет.

2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**Азыркы мектепте билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун негизги максаттарынын бири окуучулардын өнүгүшүнө жана алардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн калыптандырууну ишке ашыруучу шарттарды түзүү болуп саналат. Билим берүү боюнча кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамы”, “Жалпы орто билим берүүнүн мамлекетттик стандарты”, “2020-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү

стратегиясы" аттуу мамлекеттик документтерде окуучуларда өз алдынча таанып-билүүгө, аныктоого жана чыгармачылык жактан өз алдынча өнүгүүгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу негизги максаттардан болот деп белгиленет. Жалпы билим берүүчү мектептердин негизги милдеттеринин бири болуп, окуучуларды билимдин белгилүү суммасы менен камсыз кылуу эмес, аларда таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты калыптандыруу эсептелет. Таанып-билүүчүлүк өз алдынчалык окуучуларда ар кандай булактардан жаңы билимдерди алууга, таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн ыкмаларына ээ болууга, аларды чыгармачылык менен ар кандай проблемаларды чечүүдө тиешелүү билимдерди пайдаланууга болгон умтулуусу. Билим алуу ишмердүүлүгүнө ээ болуу процессинде, б.а. таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты калыптандыруучу каражат катары окутуунун салттуу методдору бул проблеманы чечүүдө толук жооп бере албай калды. Жогорку класстардагы окутуу процесси негизинен окуучулардын кесиптик кызыгуусуна багыт алышы жана субъектин өзүнүн активдүүлүгүнө таасир этиши керек. Окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгы алардын билимдерди ар кандай булактардан кабыл алганынан жана өз алдынча иш-аракеттерди аткаруусу менен калыптанат.

**3. Диссертациянын илимий натыйжалары.** Иште төмөнкү жаңы илимий натыйжалар алынган жана алар педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигин өнүктүрүү үчүн чоң мааниге ээ болот:

**1-натыйжа.** Изилдөөдө таанып-билүүчүлүк өз алдынчалык жөнүндөгү педагогикалык теориядагы жана практикадагы көз караштар системалаштырылган, алар 1-главанын 1-параграфында тарыхый эволюциялык планда талдоого алынган.

**2-натыйжа.** Стандарттык эмес сабактардын маңызы жана типологиясыиштелип чыккан жана педагогикалык шарттары аныкталган, ал 2-главанын 2 параграфында ишке ашырылган.

**3-натыйжа.** Стандарттык эмес сабак аркылуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу процессинин теориялык

модели иштелип чыккан жана ал практикада киргизилген, ал 2-главанын 2 параграфында берилген.

**4-натыйжа.** Педагогикалык эксперименттик аркылуу жогорку класстагы окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын стандарттык эмес сабактарда калыптанышына таасири этүүсү текшерилген. 3-главанын 3 параграфында далилденген (биология предметинин мисалында).

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.**

**1-натыйжа.** Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруунун технологиясын илимий проблема катары караган учурда жана «стандарттык эмес сабак» түшүнүгүнүн маңызы такталып, «проблемалуу сабак», «салттуу эмес сабак», «стандарттык эмес сабак» түшүнүктөрүнүн мазмунун аныктоодо изденүүчү философиялык, психологиялык, педагогикалык эмгектерге таянып, алардын идеяларын талдоого алган жана азыркы Кыргызстандын жалпы орто мектептеринин практикасы менен салыштырган. Аталган түшүнүктөр изденүүчү тарабынан ишенимдүү тастыкталган.

**2-натыйжа.** Орто мектептердин практикасында окуучулардын биология боюнча таанып-билүүчүлүк кызыгууларынын педагогикалык шарттары жана аларды өркүндөтүүнүн жолдору окумуштуулардын эмгектерине, алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларына, изденүүчүнүн жеке иш-тажрыйбаларына таянуу менен ишенимдүү негизделген.

**3-натыйжа.** Биологияны окутуу процессинде окуучулардын таанып-билүүчүлүк кызыгуусун калыптандыруунун модели иштелип чыккан, ал педагогикалык-психологиялык илимдеги изилдөөлөргө, Кыргыз Республикасынын мектептеринин алдыңкы тажрыйбасына таянган.

**4-натыйжа.** Окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалуулугун, кызыгуусун калыптандырууда заманбап инновациялык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары изденүүчүнүн жана педагогикалык

экспериментке катышкан мугалимдердин сабактарында, эл аралык конференцияларда апробациядан өткөн жана алардын ишенимдүүлүгү педагогикалык тажрыйбаларда сыналган.

**5-натыйжа.** Биологияны окутуу процессинде окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалык процессин калыптандырууну башкаруу процессинин уюштурулушу жана анын жүрүшү жалпы педагогиканын методологиялык негиздерине таянылып жүргүзүлгөн жана ал изденүүчүнүн көп жылдык иш практикасында ишенимдүү тастыкталган.

**5.Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** Жаңы. Кыргыз педагогикасында бул изилдөөгө чейин «стандарттык эмес сабак» түшүнүгүнүн маңызы толук талдоого алынган эмес, «проблемалуу сабак», «салттуу эмес сабак», «стандарттык эмес сабак» түшүнүктөрү илимий жактан чечмеленген эмес.

**2-натыйжа.**Жаңы. Бул изилдөөгө чейин дидактикалык максаттардын негизинде орто мектептин жогорку класстарында (биологиянын мисалында) колдонуп жаткан стандарттык эмес сабактардын типологиясы иштелип чыккан эмес.

**3-натыйжа.** Жаңы. Стандарттык эмес сабактардын: билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк, информациялык, стимулдук, рефлексивдик, интеграциялык функциялары, мазмуну жана уюштуруунун педагогикалык шарттары аныкталган.

**4-натыйжа**. Жаңы. Стандарттык эмес сабактар аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу процессинин теориялык модели иштелип чыккан;

**5-натыйжа.** Белгилүү бөлүгү жаңы. Жогорку класстарды окутуу процессинде пайдаланылган таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын структуралык элементтери мүнөздөлгөн. Окуучулардын таанып-билүүчүлүк

өз алдынчалыгынын (биологияны окутуунун мисалында) калыптаныш деңгээлдери жана критерийлери аныкталган.

**6. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.** М.Т. Кырбашованын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар илимий-теориялык жана прикладдык жактан азыркы талаптарга ылайык Кыргыз Республикасынын мектептеринде окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалуулугун калыптандырууну өркүндөтүүгө жана аны башка билим берүү мекемелерине жайылтууга мүмкүн берет деп эсептөөгө болот.

Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар педагогикалык экспериментте текшерилген жана теориялык жоболорго негизделген.

Диссертация белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ болуу менен катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын көрсөтөт.

***7.* Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** М.Т. Кырбашованын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы *диссертациясында алынган төмөнкү илимий натыйжалар реализацияланган:*

Изденүүчү тарабынан алынган корутундулар орто мектепте биологияны окутуу процессинде стандарттык эмес сабактарды практикада колдонууга жана жайылтууга мүмкүндүк берет;

Табият таануу предметтеринин программаларын иштеп чыгууда жана жаңы муундагы окуу китептерин жазууда эске алуу зарыл;

Изденүүчү тарабынан иштелип чыккан таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты калыптандыруу процессинин теориялык моделин орто мектептин практикасында колдонууга болот.

Таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын деңгээлдерин аныктоодо 10-11 класстарын биология курсунун негизги темалары боюнча иштелип чыккан тапшырмалардын иштелмелерин, окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалык деңгээлдерин аныктоодо колдонсо болот.

**8. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана тыянактарын жарыялоону тастыктоо.**

Диссертациянын негизги жыйынтыктары 10 илимий макалаларда жарыяланган. Алардын айрымдары төмөнкүлөр:

**1.** Кырбашова М.Т.Стандарттык эмес сабактын теориясы, практикасы жана типологиясы [ Текст] .Вестник Кыргызского государственного университета им.И.Арабаева : Бишкек- 2014 №3 . – С. 360-363.

2.Кырбашова М.Т. Стандарттык эмес сабак окуучулардын өз алдынчалыгын калыптандыруудагы педагогикалык проблема катары [Текст] Вестник Кыргызского государственного университета им.И.Арабаева. Бишкек. – 2014 – № 5. – С. 251-256.

3. Кырбашова М.Т. Биологиядан семинар-сабагы колдонуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын жогорулатуунун жолу катары [Текст] Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – Бишкек, 2015. – № 7. С. 165-169.

4. Кырбашова М.Т Формирования познавательной самостоятельности на уроках биологии [Текст].Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – Бишкек, 2015. – № 9 . – С. 205-207.

5. Кырбашова М.Т. Стандарттык эмес сабактар аркылуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруунун педагогикалык шарттары[Текст] Известия Вузов Бишкек-2015- № 10.- С-144-147

**6**. Кырбашова М.Т. Окуучуларда таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты таанып-билүүчүлүк тапшырмалардын жардамы менен калыптандыруу жолдору [Текст] Известия Вузов Бишкек-2015- № 10.-С.139-143

7. Кырбашова М.Т.Жогорку класстардагы биологиядан стандарттык эмес сабактар аркылуу окуучулардын мотивациясын жогорулатуу [Текст] Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – Бишкек, 2016 – Вып. 2. – С. 257-260.

8.Кырбашова М.Т. Орто мектептин жогорку классынын окуучуларына биологиядан саякат сабагын уюштуруу[Текст] Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – Бишкек. –2016. –Выпуск 2.-С. 345-349.

9.Кырбашова М.Т Функции нестандартного урока по биологии в процессе обучения старшеклассников [Текст ] Журнал «Современные наукоемкие технологии». РИНЦ, г.Москва : 2016 №11 (Часть 1). –С.119-122

10.Кырбашова М.Т. Нестандартные уроки как эффективная форма школьного обучения[Текст] Между народный журнал экспериментального образования РИНЦ, г.Москва: 2016 №11 (Часть 2). –С. 162-165

**9. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү М.Т.Кырбашованын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет.

Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмеси талапка ылайык аткарылган.

**10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди сунуштоону негиздөө.**

**Эксперттик комиссия сунуштаган жетектөөчү мекеме Ош мамлекеттик** университетинин педагогика кафедрасы, себеби бул университете билим берүү системасын салыштырмалуу түрдө билген, үйрөнгөн адистер, педагогика илимдеринин докторлору, профессорлор эмгектенишет.

**Эксперттик комиссия сунуштаган расмий оппоненттер:**

**Биринчи расмий оппонент:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Д.Б.Бабаев (13.00.01). (Д.Б.Бабаевдин эмгектери: Педагогика окуу китеби Д.Б.Бабаев (авторлош).Бишкек: 2002.-С. -440б; Управление педагогическим процессом развитие творческих способностей учашихся // Вестник КАО. – Б.: 2010, №2. – С.45-49; Профилдик багыттагы мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү. – Б.: 2012. – С.160 б. (авторлош).

**Экинчи расмий оппонент:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М.А.Сатыбекова (М.А.Сатыбекованын эмгектери:Биология боюнча дептер. (7-класс үчүн) Б., 2016. -56 б.; Азыркы заманбап биологиялык билим берүүнүн абалы жана өзгөчөлүктөрү.Вестник КГПУ. Спец выпуск.№1. - Бишкек, 2013.-212-214 б.;Формирование личностных качеств и целостности восприятия учебного материала в обучении биологии. Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии: сб.ст.по материалам XLVIIIмеждунар.заочной науч.-прак.конф. -№3 (48). Часть 2.-М.,Изд. «Интернаука», 2016.-83-89 с.

Комиссия берилген материалдарды карап чыгып, Кырбашова Майрамкүл Турганбековнанын «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган

диссертациясын Кыргыз билим берүү академиясы жана И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.11.023 диссертациялык кеңешине сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор **Бабаев Д.Б.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор **Каниметов Ж.К.**

педагогика илимдеринин доктору, профессор **Чоров М.Ж.**

**Комиссия мүчөлөрүнүн колдорун тастыктаймын:**
Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, профессор **Калдыбаева А.Т.**

**Кырбашова Майрамкүл Турганбековнанын кандидаттык диссертациясынын классификациялык белгилери боюнча эксперттик кеңештин бүтүмү:**

1. **Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү:**

1.1. Теориялык жоболордун иштелмелеринин жыйынтыгын илимдин тиешелүү тармагынын келечектүү багытын өнүктүрүүдөгү ири жетишкендик катары мүнөздөөгө болот.

2. **Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгынын деңгээли:**

2.1. Жыйынтыктары жаңы болуп эсептелет.

**3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу:**

3.1. Жогору.

4. **Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы:**

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын, илимий жана илимий-өндүрүштүк мекемелердин тематикалык пландарына кирет.

5. **Диссертациянын колдонмо (прикладдык) мааниге ээ болгон жыйынтыктарын колдонуунун деңгээли:**

5.3. Тармактын масштабында.

6. **Диссертациянын прикладдык мааниге ээ болгон жыйынтыктарын кеңейтип колдунуу боюнча сунуштар:**

6.1. Кеңири колдонууну талап кылат.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:**

педагогика илимдеринин доктору, профессор **Бабаев Д.Б.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү:**

педагогика илимдеринин доктору, профессор **Каниметов Ж.К.**

педагогика илимдеринин доктору, профессор **Чоров М.Ж.**

**Комиссия мүчөлөрүнүн колдорун тастыктаймын:**

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, профессор **Калдыбаева А.Т.**